## Мунай рыногу

***Мунай рыногунун күндөлүк абалы***

Мунай рыногуна 2013-жылдын 18-майынан 18-июнуна чейин жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө негизги сортторго баа (Urals, Brent, WTI) баррелине 91,9-106,1 АКШ доллары диапазонунда өзгөрүп турган.

Мунайга орточо баалардын өзгөрүүсү:

| *Бир мезгил ичинде орточо* | **Urals** | | **Brent** | | **WTI** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **баасы,** *USD / баррель* | *өткөн мезгилге карата %* **өзгөрүшү** | **баасы,** *USD / баррель* | *өткөн мезгилге карата %* **өзгөрүшү** | **баасы,** *USD / баррель* | *өткөн мезгилге карата %* **өзгөрүшү** |
| 18.04.2013-18.05.2013 | 101,7 | 97,9 | 102,7 | 97,0 | 93,5 | 100,5 |
| 18.05.2013-18.06.2013 | 102,6 | 101,0 | 103,3 | 100,5 | 94,7 | 101,7 |

***Булагы :** «Reuters» МА*




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мунай котировкаларына орточо баа 2013-жылдын май айынан тартып июнь айына чейин токто волатильдүү болуп жана баанын деңгээли бир аз жогоруланды. Мунай рыногунун күндөлүк абалы негизинен мунайды дүйнөлүк негизги керектөөчүлөрдүн (Кытай жана АКШ), макростатистикасынын, АКШ экономикасын демилгелөө программасынын, Евроаймактагы утурумдук абалдын жана Жакынкы Чыгыштагы туруксуз саясий жагдайдын таасири астында турат.

Мунайга баа Кытайдын макроэкономикалык маалыматтарынын кысымы алдында калган жана мунайга карата суроо-талаптын өсүшүн басаңдаткан. Май айында CPI керектөө бааларынын индекси үч ай ичинде минималдуу мааниге, жылдык эсептөөдө 2,1 пайызга чейин түшкөн, ал эми өндүрүүчүлөрдүн баа индекси ошол эле мезгил ичинде жылдык эсептөөдө 2,9 пайызга төмөндөгөн. Morgan Stanley финансалык корпорациянын аналитиктери өздөрүнүн 2013 –жылга карата Кытайдын ИДӨнүн өсүшүнүн божомолун 7,6 пайызга чейин төмөндөдү (мурунку божомол 8,2 пайыз). Бул төмөндөсүү келаткан мезгилде өзүнүн таасирин билдирүүгө мүмкүн.

Байкоого алынып жаткан мезгилдин башталышында мунайга баа АКШнын позитивдүү макроэкономикалык маалыматтарынын, ошондой эле АКШ долларынын алсызданышынын алкагында өскөн. АКШ ФРСнын мындан аркы саясатына тиешелүү алгылыксыз күтүүлөр жөнүндө жаңылык, АКШ долларынын курсунун төмөндөөсү үчүн себеп болгон.

Мунай бааларынын кымбатташын аныктаган башка факторлор болуп, Сириядагы жана Турциядагы геосаясий туруксуз жагдайлар саналган. АКШнын сирия өкмөтү химиялык курал пайдалангандыгы тууралуу маалым болгондон кийин сирия оппозициясына көмөк көрсөтүү ниети, мунай котировкаларын жогору тарткан. Сирия мунайды дүйнөлүк рынокторго негизги берүүчүлөрдөн эмес экендигине карабастан, инвесторлор өлкөдө жарандык согуштун күч алышы дүйнө жүзү боюнча мунайдын үчтөн бир бөлүгүнөн көбүрөөгүн өндүргөн Жакынкы Чыгыштын мунай өндүрүүчү аймактарында толкундоолорго алып келиши мүмкүн деп тынчсызданышууда, деп билдирет "РБК" МА.

Турциядагы окуялар мунай рыногуна катышуучуларды тынчсыздандырууда, анткени Джейхан түрк портунун экспорттук терминалы аркылуу – ОПЕКте мунай өндүрүү көлөмү боюнча экинчи турган - түндүк Ирактан мунай өткөрмөлөрү боюнча сордурулап алынган мунай ташылат. Бул порттон Грузия аркылуу Бакудагы мунай өткөрмөлөрү боюнча Каспий деңизинен мунай өткөрүлөт. Мындан тышкары Турциядагы толкундоолордон улам Босфор жана Дарданелла кысыктары боюнча кеме менен жүрүү да кыйынга турушу мүмкүн.

***Энергетикалык маалымат башкармалыгы (EIA)***

Энергетикалык маалымат башкармалыгы энергия продукциялары рыногунун кыска мөөнөттүү мезгил ичиндеги перспективалары жөнүндө ай сайын берилүүчү докладында, сланц мунайын эске алганда, мунайдын дүйнөлүк запастары 11 пайызга өсүшү мүмкүн экендигин маалымдайт. EIA эсептөөлөрү боюнча, теориялык жактан алып караганда, сланц мунайынын алынган запастары 345 млрд. баррелди түзөт.

Европада күтүлгөндөн олуттуураак рецессиядан жана айрым өнүгүп келе жаткан рыноктордогу түшүүдөн улам, дүйнөлүк экономиканын төмөндөшү жагдайында, АКШнын Энергетикалык маалымат башкармалыгы ОПЭК (Мунайды экспорттоочу өлкөлөр уюму) сыяктуу эле 2013-жылы дүйнөлүк мунайды керектөөнүн болжолдонгон өсүшүн төмөндөттү.

***ОПЕК***

ОПЕК май айында берилген докладында бул жылга карата өсүүнүн суткасына 790 миң баррелден 780 миң баррелге чейин төмөндөшүн болжолдогон. ОПЕКтин пикири боюнча, биринчи жарым жылдыкта экономиканын өсүшү жана сезондук тенденциялар эсебинен, талаптын өсүшү экинчи жарым жылдыкта суткасына 700 миң баррелден 900 миң баррелге чейин тездейт. Картель өз докладында тиешелүү булактардан алынган маалыматтар боюнча, ОПЕКтин май айында орточо суткалык өндүрүүсү 30,57 млн. чейин, 106 миң баррелге өскөндүгүнө таянат. Май айынын аягындагы кеңешмеде уюм мунайды өндүрүүгө карата квотаны суткасына 30 млн. баррель деңгээлинде калтырган.

***Казакстан***

Казтрансойл «Reuters» маалымат агенттигинин директорунун билдирүүсү боюнча, 2014-жылы Кытайга мунайды берүү 17,0 млн. тоннага чейин көбөйөт. Алдын-ала пландаштырылган Казакстандын батышындагы Тенгиз ири мунай кенинде өндүрүүнүн өсүшү жана Каспийдин түндүк бөлүгүндөгү эң ири Кашаганды ишке киргизүү өндүрүүчүлөргө экспорттук маршруттарды жана экспорттун негизги багыттарынын бири болгон - Кытайга кеткен түтүктү тандоого мүмкүнчүлүк берет.

«Казинформ» маалымат агенттигинин билдирүүсүнөн улам, Казакстан Республикасынын Парламенти тарабынан Казакстан Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосунда түзүлгөн Казакстан-Кытай газ түтүгүн куруу жөнүндө келишимге оңдоолор жактырылган. Оңдоолор Казакстан Республикасынын түштүк областтарынын ички керектөөсү үчүн Казакстан-

Кытай газ түтүгүнүн биринчи участогунун кубаттуулугун көбөйтүү максатында киргизилген. Мында, курулуш республикалык бюджеттен каражаттар алынбастан эле, кытай инвестицияларынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Казакстан Өкмөтү ички рынокту коргоо үчүн үстүбүздөгү жылдын 24-майынан тартып, республикадагы мунайзатка болгон талап жана сунуштарды теңдештирүү, ошондой эле Россия Федерациясынын бюджетине россия импорту үчүн компенсациялоого кеткен чыгашаларды кыскартуу аракети менен, Россия Федерациясынан келген темир жол аркылуу бензинди жана мазутту ташып келүүгө конвенциялык түрдө тыюу салууну ишке ашырган. Казакстан рыногунда Россия мунайынын көптүгүнүн ушул себебинен улам, Казакстандын ири ишканасы болгон, Павлодар мунайды кайра иштетүү заводу, өтүп жаткан жылда мунайды кайра иштетүү планын 5,2 млн. тоннадан 4,8 млн. тоннага чейин төмөндөткөн.

***Россия***

2013-жылдын 27-майына салыштырганда, 2013-жылдын 10-июнуна карата абал боюнча Россияда бензинге жана дизель отунуна карата чекене баалардын өзгөрүшү боюнча баалар жана маалыматтар.

| | **2013. 27.05.** | **2013.10.06.** | **өзгөрүшү, пайыздарда** |
|---|---|---|---|
| | *баасы, рубль* | *баасы, рубль* | *өткөн каттоого карата* |
| **1. Автоунаа бензини** | **29,28** | **29,25** | **99,9** |
| *Анын ичинен*: | | | |
| АИ-80 маркасы | **26,88** | **26,88** | **100,0** |
| АИ-92 маркасы | **28,38** | **28,34** | **99,9** |
| АИ-95 маркасы жана андан жогору | **31,07** | **31,04** | **99,9** |
| **2. Дизель отуну** | **31,03** | **30,99** | **99,9** |

***Булагы:*** *Россия Федерациясынын мамлекеттик статистикасынын федералдык кызматы*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде баалар өзгөрүлгөн жок Россия Федерациясынын мамлекеттик статистикасынын федералдык кызматынын маалыматтарына таянганда, 2013-жылдын 10-июнуна карата абал боюнча 2013-жылдын башынан бензинге карата орточо керектөө баалары 1,2 пайызга, ал эми дизель отуну - 0,7 пайызга көбөйгөн, бул бир жагынан, сезондук факторлор менен түшүндүрүлөт.

Россияда айыл чарба жана дача сезонунун башталышы менен, КММга карата талаптын жогорулашы байкалат, бирок, Росстаттын маалыматтары баалардын туруктуу өзгөрбөгөн динамикасын билдирет. «Московский Комсомолец» гезити жазгандай, бул жагдайга Россия Федерациясынын Президентинин өлкөнүн май куюучу жайларында рынок бааларын кармап туруу жөнүндө тапшырма өз таасирин тийгизет. Мында, бул чаралар рыноктук эмес, административдик болуп саналат, ошондуктан, өтүп жаткан жылдын күзүндө баанын кымбаташы күтүлүшү ыктымал.

Россия өкмөтү мурда болжолдонгондон кыйла жогору арым менен жүргүзүүнү пландаштырган бензинге карата акциздердин жогорулашы, ага карата дүң баалардын өсүшүнө таасирин тийгизбөөгө тийиш деп эсептейт Россия Федерациясынын Финансы министри. 4- жана 5-класстагы бензинге карата акциздердин жогорулашынын кыйла жогорку арымы боюнча маселе, бул класстарга акциздердин төмөндөтүлгөн чендерин белгилөө жөнүндө мурда кабыл алынган чечим жол фонддорунун кирешелеринин азайышына алып келгенден кийин келип чыккан.

ТНК-ВР мунайы «Роснефть» компаниясынын контролдугуна өтүшү ички рынокто мунайдын жетишсиздигине жана каралып жаткан мезгилдин акырына карата Россия дүң рыногунда май айына салыштырмалуу баалардын

20 пайызга көтөрүлүшүнө алып келген. Эксперттердин пикири боюнча, ТНК-ВР мунайын берүүнүн азайышы, «Роснефть» сырьенун бош агымдарын чыгыш багытына – Азия-Тынч океан аймагынындагы өлкөлөрдүн рынокторуна, көбүнчө Кытайга концентрациялашына байланышкан. Бул баалардын, 1 л. мотордук отун үчүн орточо алганда, 1 рублге жогорулашына шарт түзөт.

Акциздерди жогорулатуу, Роснефттин ТНК-ВРнын мунайдын чыгыш жаака ориентациялоосу, айрым мунай иштетүүчү заводдордун план боюнча сезондук ремонтко жабылуу мүмкүнчүлүгү, россия рыногунда отунга баанын жогорулашы жагына басым көрсөтүшү мүмкүн, ал кийинчерээк Кыргызстан үчүн баанын жогорулашына алып келет.

***Кыргызстан***

Апрель айындагы бааларга салыштырганда, июнь[1] айы үчүн бензинге жана дизель отунуна карата чекене орточо баалардын өзгөрүшү боюнча баалар жана маалыматтар.

| Шаарлар | **АИ-95** | | **АИ-92** | | **ДО** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **баасы, сом** | **өзгөрүшү, пайыздарда (+/-)** | **баасы, сом** | **өзгөрүшү, пайыздарда (+/-)** | **баасы, сом** | **өзгөрүшү, пайыздарда (+/-)** |
| Бишкек | 40,40 | -0,43 | 36,30 | -0,48 | 39,95 | **-** |
| Каракол | 40,00 | -1,38 | 36,34 | -1,00 | 39,20 | -0,10 |
| Жалал-Абад | 42,37 | -1,35 | 38,66 | -1,01 | 42,05 | -1,23 |
| Нарын | 41,40 | **-** | 35,83 | -1,10 | 40,05 | - |
| Баткен | - | - | 38,16 | -2,95 | 43,00 | -0,64 |
| Ош | 42,30 | -0,16 | 38,45 | -0,57 | 41,43 | - |
| Талас | 40,40 | -0,43 | 35,53 | -0,63 | 38,52 | 0,09 |
| Токмок | 40,40 | -0,92 | 35,45 | -1,12 | 39,05 | - |
| Кара-Балта | - | - | 35,53 | -1,70 | 40,10 | 0,09 |
| Республика боюнча орточо | **40,86** | **-0,54** | **36,80** | **-0,75** | **40,37** | **-0,13** |

***Булагы:*** *Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети.*
*«–» - товардын жоктугу*

Каралып жаткан мезгил ичинде бензин жана дизель отунуна болгон баалар төмөндөшү байкалган. 2013-жылдын 18-июнуна карата абал боюнча бензинге (АИ-92 жана АИ-95) болгон орточо баа, 2012-жылдын декабрындагы орточо баага салыштырганда 25 тыйынга төмөндөгөн. 18-июнга карата абал боюнча дизель отунуна карата баа 2013-жылдын май айына салыштырмалуу, республика боюнча 5 тыйынга төмөндөгөн, бул учурда декабрь айынын орточо баасына салыштырганда, 34 тыйынга көбөйгөн (+0,8 процента). Дизель отунунун наркынын көтөрүлүшү, жыл башынан жазгы талаа жумуштары менен шартталган сезондук талап менен байланышкан.

Нефтетрейдерлер ассоциациясынын президентинин айтуусу боюнча, Өкмөт тарабынан бензинге карата акциздик салыкты эки эсеге (мурдагы тоннасына 1100 сомдун ордуна 2200 сомго) көбөйтүү жөнүндө токтом кабыл алынышынан улам, КММларга карата баалар июль айынан тартып жогорулай баштайт. Мында, ал эгерде, Россия өндүрүшчүлөрү тышка чыгаруучу дүң бааларды төмөндөтсө, баалар жогорулабашы мүмкүндүгүн билдирди. Антсе да, жазгы талаа жумуштары аяктаганга чейин жана туристтик сезондун башталышына чейин баалар мурда төмөндөтүлгөн деңгээлде кармалып турушу күтүлөт.

«news.tj» сайтынын маалыматы боюнча, өтүп жаткан жылдын 5 айында Кыргызстан Түркмөнстан жана Россиядан озуп өтүп, Тажикистанга

[1] 2013-жылдын 18-июнуна карата абал боюнча бензинге карата орточо баалар

КММди негизги импорттоочу болууга жетишкен. Мунайзаттарын берүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 39,2 пайызы же 56 миң 711 тоннасы Кыргызстандан алынган, бул 2012-жылдын ушул мезгилине караганда, 52 миң 172 тоннага көп. Мындай жагдай Россия Бажы союзуна кириши менен, мунайзаттарын экспорттоого бажы алымдарын киргизгендиги менен шартталган.

**Жаратылыш газы**

***Кыргызстан***

«Кыргызгаз» ААКсын россиялык «Газпром» ААКсы компаниясы тарабынан менчиктештирүү маселеси аяктоонун алдында турат. Өлкөнүн Өкмөтү россиялык «Газпром» аркылуу жаратылыш газынташып келүү, бөлүштүрүү жана сатып өткөрүү боюнча келишимди жактырды. Келишимге кол коюлгандан кийин «Газпром» жаратылыш газын Кыргыз Республикасынын аймагына берүүнү жана бөлүштүрүүнү баштайт. Мындан тышкары, россиялык тарап газ системасын жана газ комплексинин башка инфраструктурасынын курулушун, реконструкциялоо жана пайдаланууга берүүнү жүзөгө ашыра баштайт. Келишимге ылайык «Газпром» ААКсы беш жылдын ичинде 20 млрд. рублден кем эмес каражат жумшайт. Мында россиялык тарап жабдууларды жана магистралдык газ түтүктөрүн өнүктүрүү жана модернизациялоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген тарифтик саясаттын талаптарын сактоо боюнча милдеттенмелерди, ошондой эле акциялардын мамлекеттик топтому өткөрүлүп берилген учурдан тартып, ишкананын бардык карыздык милдеттенмелерин өз мойнуна алат. Ошону менен, орто мөөнөт мезгил ичинде инвестициянын келишиминин жогорулушун күтүү мүмкүн.

**Электроэнергиясы**

***Кыргызстан***

Кароого алынып жаткан мезгилде алдыдагКМШнын Электрэнергтикалык кеңешинин 43 отуруму болуп өттү. Ага Азербайджандын, Беларусиянын, Казакстандын, Кыргызстандын, Молдованын, Россиянын, Тажикистандын энергетикатери катышышты. Энергосистемалардын парраллель ишин камсыз кылуу отурумдун негизги күн тартиби болгон. Токтогул суу сактагычында суунун төмөнкү деңгээлде болжолдонуп жатышы, аймакта алдыдагы мезги ичинде электрэнергиясы менен жеткиликтсиз камсыз кылууга алып келиши мүмкүн.

Премьер –министрдин колу коюлган "Экономика тармактарын жана Кыргыз Республикасынын калкын 2013-2014 жылдардын күзгү-кышкы мезгилдерине даярдоо" токтомунда Финансы министрлиги "Электр станциялары" ААКсына жылуулук электр станцияларында отунду даярдоо үчүн 250 млн. сом өлчөмүндө пайызсыз бюджеттик ссуда берүү мүмкүнчүлүгүн карайт

2013-жылдын 17-июнуна карата абал боюнча суу сактагычында суунун көлөмү 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 17,3 пайызга төмөндөө менен 12,9 млрд. кубометрди түзгөн.

***Баяндама төмөнкүлөрдүн маалыматтары боюнча даярдалган:*** «24.kg» МА, «Reuters» МА, «РБК» МА, «Казахстан Сегодня» МА, «Тазабек» МА, «ЦентрАзия» МА, «КирТАГ» МА, «ИТАР-ТАСС МА, «REGNUM» МА.

**График 1:** Urals  01.01.2011 – 18.06.2013




**График 2:** Brent  01.01.2011 – 18.06.2013




**График 3:** WTI  01.01.2011 – 18.06.2013




**График 4:** Urals 18.05.2013 – 18.06.2013




**График 5:** Brent  18.05.2013 – 18.06.2013




**График 6:** WTI  18.05.2013 – 18.06.2013

